БЕКИТЕМ
Шарыпбек Абдылдаев атындагы орто мектебинин директору:
_________________ Т. У. Исаев
01.09.2022-ж

# Шарыпбек Абдылдаев атындагы мектебинин ата–энелер чогулушун даярдоо жана өткөрүү жөнүндө жобо

**1.Жалпы жобо**

Ата–энелер чогулушу окуучунун үй–бүлөсү менен иш алып баруу боюнча мектептерде кенен колдонулуучу аракеттердин бири болуп саналат. Чогулуш мектепке ата – энелер менен натыйжалуу өз ара аракеттенүүнү камсыздоого жардам берет. Ата–энелер чогулушу жалпы мектептик, пареллель класстар боюнча жана класстык болуп бөлүнөт.

**1. Жалпы мектептик ата – энелер чогулушу**

Жылына бир же эки жолу өткөрүлөт. Ата – энелерди мектептин жаңы жоболук документтери, билим берүү тармагындагы укуктук–ченем акттары, мектептин негизги багыттары жана иштин жыйынтыктары ж.б. менен тааныштырылат.

**2. Параллель класстар боюнча ата – энелер чогулушу**

Ошол класстардын окуучуларына тиешелүү маселелер, көйгөйлөрдү (Мисалы: бүтүрүүчү класстардын ата–энелеринин чогулушу, биринчи класстардын ата–энелеринин чогулушу ж.б.) талкуулоо зарылчылыгы болгон учурда өткөрүлөт.

**3. Класстык ата–энелер чогулушу чейректик, жарым жылдыктын аягында уюштурулат.**

Бул чогулуштарда окуу–тарбия берүү иштеринин милдеттери талкууланат, пландоо иштери жүргүзүлөт, окуучулардын билим берүүдөгү жетишкендиктерине баа берилет, үй – бүлө менен мектептин натыйжалуу кызматташтыгынын ыкмалары жана усулдары аныкталат, аткарылган иштин жыйынтыктары чыгарылат. Ата – энелер комитети – класс жетекчинин маанилүү таянычы. Педагокго көп маселелерди чечүүгө ата – энелер комитети жардам берет. Чогулуштагы маселелер (тамактануу, экзамендер, окуучуларга тиешелүү маселелер) талкуулангандан кийин, аларды чечүүнү ата – энелердин катышуу деңгээли аныктайт.

**Ата–энелер чогулушуна даярдануу.**

**1. Ата–энелер чогулушунун тематикасын аныктоо.**

Керектуу темалар мугалимдердин катышуусу менен администрация, класс жетекчилер тарабынан аныкталат, ошондой эле ата–энелер да сунуштайт. Ата – энелер менен аларды кандай суроолор жана көйгөйлөр кызыктыра тургандыгы тууралуу кеңешүү абдан маанилүү.

**2. Ата – энелер чогулушун өткөрүү формасы:**

- Ата–энелер менен мугалимдин баарлашуусу ;
- Диспут, дискуссиялар жана жаны класс жетекчи менен таанышуусу;
- Айрым үй – бүлөлөрдүн иш – чаралары менен таанышуу;
- Семинарлар;

- Чакан топтордо иштоо.

**3. Ата–энелер чогулушу учун тематиканы** психологиялык, педагогикалык адабияттардан, мугалимдер, балдар, ата – энелер, мектеп администрациясы менен кызматташтыктан алынат. Ата – энелер чогулушуна мугалимдердин, соц.педагогдун, психологдун, медицина кызматкерлеринин катышуусу зарыл. Ата – энелердин өздөрүнүн чогулушуна даярдык көрүүгө тартуу абдан жакшы кырдаалдын түзүлүшүнө өбөлгө болот.

**4. Каражаттар.**

Чогулушту өткөрүүнүн тематикасына, формасына, мазмунуна ылайык мектеп документтерин, слайд ж.б. даярдалынат.

**5.** Чогулушту өткөрүүнүн убактысы, орду жөнүндө маалымат ата – энелерге эртерээк билдириши керек. Билдирүү электрондук түрдө (телефон, вотсап ж.б) же чакыруу билети аркылуу жүргүзүлөт. Эгерде ата – энелер чогулушуна катышууга мүмкүнчүлүгү болбосо, класс жетекчиге алдын ала эскертип коюусу зарыл.

Чогулуш өткөрүү кабинетти даярдоодо, андагы тазалыкка, бөлмөнүн желдетилишине кам көрүп, ар бир катышуучусуна орундун жетиштигин тактоо керек.

**3. Ата – энелер чогулушун өткөрүү.**

1. Чогулушту өткөрүү үчүн ыңгайлуу күндү, саатты тандап, ошол убакытка мугалимдердин, окуучулардын, ата – энелердин кандайдыр бир маанилүү ишин пландалбаган болушу керек.
2. Класстык чогулуштун темасы аныкталып, ата – энелер менен баарлашуу теманы талкулоонун негизинде уюштуруу.
3. Класстагы столдор, отургучтар тегерек отуруп, бирин – бири жакшы угуп, көрүп тургандай жайгашуусу зарыл.
4. Эгерде ата – энелер бири – бири менен жакшы таанышы элек болсо, аттары жазылган карточкаларды даярдап коюу керек.
5. Чогулуштун регламентин бекитуу,чогулушту откоруу 1 жарым сааттан ашпагандай пландаштыруу.
6. “Алтын эрежени” түзүү, чогулуш жагымдуу маанайда өткөндөй уюштуруу.
7. Жагымдуу маалымат менен баштап, келечекке карата сунуштар менен аякташ керек.
8. Ата–энелер менен жеке маектешүү учурунда гана алардын балдарынын ийгиликтерин, кемчиликтерин жана мүмкүнчүлүктөрүн баалоо керек.
9. Бүт класска терс баа берүүгө болбойт.
10. Класстагы окуучулардын өзүнчө ийгиликтерин салыштырбасы керек.
11. Ата–энелер чогулуштан тарап жатып, өз балдарына жардам бере алабыз жана каалайбыз деген ой менен кетиши керек.
12. Чогулушта конкреттүү чечимдердин кабыл алынышына умтулуу зарыл.
13. Чогулушка келүүгө мүмкүнчүлүк тапкан бардык ата – энелерге ыраазычылык билдирүү.

**5. Ата – энелер чогулушунда класс жетекчинин жүрүм – турум эрежелери.**

1. Педагог ата–энелер менен жолугушууга психологиялык жана моралдык жактан даярдануу зарыл.
2. Кептин, интонациянын ж.б менен ата – энелерге аларды сыйлап жана коңул бура тургандыгын көрсөтүү.
3. Ата–энелерди түшүнүүгө аракет кылуу, аларды толкунданткан көйгөйлөрдү туура аныктоо. Мектептин да, үй–бүлөнүн да көйгөйлөрү, милдеттери бирдей экендигине

аларды ишендирүү, ал эми эң маанилүүсү мектептин да, үй–бүлөнүн да максаты балдарды тарбиялоо, “Тарбия башаты – үй бүлө” экенин баса белгилөө.

4. Ата–энелер менен токтоо жана ак ниеттик менен сүйлөшүү.
5. Чогулуштан бардыгы ийгиликтүү, кыйынчылыкка дуушар болуп жаткан окуучулардын ата–энелери да өз балдарына болгон ишенич менен кетүүлөрү маанилүү.
6. Ата–энелер чогулушундагы бирдиктүү иштин натыйжасы – мугалим, мектеп жана ата–эненин ортосундагы кызматташтыкты чындап, балдарды окутуп–тарбиялоодо ийгиликтерди алып келишин камсыздайт.